Co-funded by the European Union

International Partnerships Austria

# ДОНОРЛОР

## ЕВРОПА БИРИМДИГИ

бул 27 Европалык өлкөлөрүн бириктирген экономикалык жана саясий биримдик. Ал адамдын кадыр-баркын урматтоо, эркиндик, демократия, теңдик, мыйзамдын үстөмдүгү жана адам укуктарын, анын ичинде азчылыктарга таандык адамдардын укуктарын сыйлоо сыяктуу баалуулуктарга негизделген. Ал дүйнөлүк деңгээлде коомдун, айлана-чөйрөнүн жана экономиканын туруктуу өнүгүүсүн ар бир адамдын жакшылыгы үчүн колдоо максатында иш алып барат. 60 жылдан ашык мезгилинде алар бирге туруктуулуктун, демократиянын жана туруктуу өнүгүүнүн аймагын түзүп, ошол эле учурда маданий ар түрдүүлүктү, сабырдуулукту жана жеке эркиндиктерди сактап келишти.

Европа Биримдиги өзүнүн жетишкендиктери жана баалуулуктары менен дүйнөнүн бардык өлкөлөрү жана элдери менен бөлүшүүгө даяр. Европа Комиссиясы — бул Европа Биримдигинин жаңы мыйзамдарды иштеп чыгууга, ЕС саясатын башкарууга жана ЕС каржылоосун бөлүштүрүүгө жоопту институту.

Европа Биримдиги Борбор Азиянын беш өлкөсү — Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Түркмөнстан жана Өзбекстан менен эки тараптуу жана аймактык деңгээлде активдүү кызматташат.

ЕБнин „Кыргыз Республикасында жарандык коомдун демилгелерин колдоо“ программасы адам укуктарын илгерилетүү, тынчтыкты куруу, жаштардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана демократиянын үстөмдүгү максатында жергиликтүү Илимий-өндүрүштүк бирикмелерди жана жарандык коом уюмдарын чыңдоого багытталган. Бул программа көбүнчө Фергана өрөөнүндөгү зордук-зомбулуктун алдын алуу, маргиналдашкан жаштарды (кыздар, майып жаштар) колдоо, санариптик көндүмдөр жана ишкердүүлүк сыяктуу тармактарга багытталган конкреттүү долбоорлорго гранттарды берет.

**Европа Биримдигинин Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү:**
Эркиндик бульвары 21,  «Орион» бизнес-борбору, 5 этаж,
Бишкек шаары, 720040, Кыргыз Республикасы
E-Mail: delegation-kyrgyzstan@eeas.europa.eu
тел: +996 312 26 10 00

## ADA Австриялык өнүктүрүү агенттиги

Австрия Өнүктүрүү Агенттиги (ADA) EMPATY долбоорун «Австриянын эл аралык өнөктөштүгү» программасынын алкагында биргелешип каржылайт. ADA — бул өнүгүү боюнча кызматташуу жана гуманитардык жардам тармагындагы Австриянын федералдык агенттиги. Ал Африкада, Азияда, Түштүк-Чыгыш жана Чыгыш Европада эл аралык уюмдар, мамлекеттик органдар, жарандык коом, билим берүү мекемелери жана ишканалар менен кызматташат.

**Австрия өнүктүрүү агенттиги, ADA**
Австриялык оперативдүү өнүктүрүү агенттигинин аткаруучу бөлүмү
Zelinkagasse 2, 1010 Вена
Телефон: +43 (0)1 90399-0
Электрондук почтасы: office@ada.gv.at
Веб-сайт: www.entwicklung.at/en



Бул лифлет Европа Биримдиги жана Австриялык Өнүктүрүү Агенттигинин биргелешкен каржылоосу менен даярдалган жана анда айтылган маалыматтар Европа Биримдигин жана Австриялык Өнүктүрүү Агенттигинин расмий көз карашын милдеттүү түрдө чагылдырбайт. Мазмун үчүн толук жоопкерчилик Hilfswerk International уюмуна жана анын өнөктөштөрүнө таандык.

Co-funded by the European Union

International Partnerships Austria

EMPATY

# КООМДУК УЮМДАРДЫН ЖАШТАРДЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАШООГО КАТЫШУУСУ ҮЧҮН ШАРТ ТҮЗҮҮДӨГҮ ДАРАМЕТИН ЖОГОРУЛАТУУ

**01/01/2026 - 30/06/2028**



hilfswerk.tj/empaty

HILFSWERK · OPEN LINE · KGFRAS · Ассоциация плодоовощных предприятий

## ДОЛБООРДУН ЖАЛПЫ МАКСАТЫ

Кыргызстандын 14 районундагы коомдук уюмдардын дараметин арттыруу жана алардын жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүүгө жаштарды тартуусун жана социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүүдөгү ролун күчөтүү.

Долбоор айыл жаштарынын арасында жакырчылыктын жана жумушсуздуктун деңгээлин азайтууга, социалдык ишкердикти өнүктүрүүгө жана мамлекеттик органдардын, бизнестин жана жамааттардын ортосунда конструктивдүү диалогду жөнгө салууга багытталган

**ДОЛБООРДУН МИЛДЕТТЕРИ**
Коюлган максатка жетүү үчүн долбоор төмөнкү милдеттерди чечүүнү карайт:

**1. Окутуу жана компетенттүүлүктү өнүктүрүү:**
- Жаштар менен иштөө жана долбоорлорду башкаруу боюнча коомдук уюмдардын өкүлдөрү үчүн тренингдерди өткөрүү.
- Бизнес жүргүзүү жана финансылык сабаттуулук негиздери боюнча жаштар үчүн практикалык окутуу курстарын уюштуруу.

**2. Диалог аянтчаларын түзүү:**
- Иш менен камсыз кылуунун жана өнүктүрүүнүн актуалдуу маселелерин талкуулоо үчүн мамлекеттик органдардын, бизнес-коомчулуктун жана жаштардын демилгелүү топторунун өкүлдөрүнүн катышуусу менен жергиликтүү деңгээлде диалог аянтчаларын түзүү.

**3. Лидерликти жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдү өнүктүрүү:**
- Лидерлик сапаттарды өнүктүрүү, гендердик теңчиликти жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдү илгерилетүү боюнча комплекстүү программаны ишке ашыруу.
- Жаштардын өзүн-өзү иш менен камсыздоосун арттыруу жана социалдык маанилүү долбоорлорду ишке ашыруусу үчүн аларды санариптик көндүмдөргө жана социалдык ишкердикке окутуу




## КОНКРЕТТҮҮ МАКСАТ

Долбоорду ишке ашыруу төмөнкүлөргө мүмкүнчүлүк берет:

- Жергиликтүү деңгээлде кызыкдар тараптардын (мамлекеттик бийлик органдары, бизнес, аялдар бейөкмөт
уюмдары, жаштар) ортосунда туруктуу диалогду түзүү.
- Жаштарды жана аялдарды иш менен камсыз кылуу маселелерин биргелешип чечүү үчүн туруктуу өнөктөштүк
тармактарды жана коалицияларды түзүү
- Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Жалал-Абад облустарынын 14 районунда жаштардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө багытталган актуалдуу социалдык жана билим берүү кызматтарын ишке киргизүү

## КҮТҮЛГӨН ЖЫЙЫНТЫКТАР

1: Жаштардын айылдын социалдык-экономикалык турмушуна катышуусу үчүн кызмат көрсөтүү жана шарттарды түзүү боюнча коомдук уюмдардын потенциалы бекемделди.

2. Коомдук уюмдар, бизнес жана мамлекеттик бийлик органдарынын ортосунда кызматташтык түзүлгөн. (Жаштарды ишкердикке тартуу боюнча социалдык жана ишкердик иш-чаралар уюштурулган).

3. Жаштарды ишке орноштуруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү, улан-кыздар үчүн бирдей укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу жана айлана-чөйрөнү коргоо максатында мамлекеттик органдары, коомдук уюмдары, бизнес жана ЖОЖдорду бириктирген платформа түзүлгөн жана иштеп жатат.

4. Ишке орношуу маселелеринде айыл жаштарынын мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатууга багытталган окутуу модулу иштелип чыкты.

5. Уландар менен кыздар үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жаатында коомдук уюмдардын иши күчөтүлдү. Уюмдар аялдарды социалдык ишкердикке активдүү катыштырып, өз идеяларын жана долбоорлорун иштеп чыгуу жана сунуштоо үчүн санариптик куралдарды колдонууга үйрөтүшөт.

## МАКСАТТУУ ТОПТОР

- Айыл жергесинде иштеген коомдук уюмдар.
- Социалдык жана экономикалык кыйынчылыктарды жеңүүгө умтулган жаштар.
- Волонтерлор – жаштардын эң активдүү өкүлдөрү.
- Улуттук, регионалдык жана райондук деңгээлдеги бийликтин өкүлдөрү.
- Билим берүү мекемелери (Кыргызстандын 5 университети).
- 14 максаттуу райондо жашаган айыл калкы.

## МАКСАТТУУ АЙМАК

Ысык-Көл, Нарын, Жалал-Абад жана Ош облустарынын 14 району, ошондой эле Бишкек шаары.

## ӨНӨКТӨШТӨР

**Hilfswerk International Австрияда**
Электрондук почтасы: office@hilfswerk-international.at
Веб-сайт: www.hilfswerk.at/international/en

**Hilfswerk International Борбордук Азияда**
Электрондук почтасы: aslanov@hilfswerk.tj
Веб-сайт: www.hilfswerk.tj

**Коомдук фонд “Айкын Багыт”**
Электрондук почтасы: kgopenline@gmail.com
Веб-сайт: www.openline.kg/new

**КФСКС - Кыргызстандын айыл чарба консультациялык кызматтарынын форуму**
Электрондук почтасы: kg-fras@kg-fras.com
Веб-сайт: www.kg-fras.com

**АППК - Кыргызстандын мөмө-жемиш жана жашылча ишканаларынын ассоциациясы**
Электрондук почтасы: fruit@elcat.kg
Веб-сайт: www.afve.org